УДК: 141.319.8

*Бекбоев А.А., филос.и.д., профессор, КР ЭСМА;*
*Акматов Ө.С., филос.и.к., доцент, ОшМУ*

# "СОЦИАЛДЫК ИШТЕР" БАГЫТЫНДАГЫ КЕСИПТИК ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ФИЛОСОФИЯЛЫК АНТРОПОЛОГИЯНЫН ОРДУ

# МЕСТО ФИЛОСОФСКОЙ АНТРОПОЛОГИИ В ВЫСШЕМ ПРОФЕССИОНАЛЬНОМ ОБРАЗОВАНИИ ПО НАПРАВЛЕНИЮ "СОЦИАЛЬНАЯ РАБОТА"

# THE PLACE OF PHILOSOPHICAL ANTHROPOLOGY IN HIGHER PROFESSIONAL EDUCATION IN THE AREAS OF "SOCIAL WORK"

***Аннотация:*** *Макалада "Социалдык иштер" багытындагы кесиптик жогорку билим берүүдөгү философиялык-антропологиянын орду илимий-концептуалдуу талдоого алынды. Анда: адам субъективдүүлүгү, адам уникалдуулугу, анын маңызы, жашоодогу көп түрдүүлүк сыяктуу маселелер каралды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *философиялык антропология, адам табияты, адам маңызы, адам субьективдүүлүгү, адам уникалдуулугу, адамдагы «МЕН» маселелери, адамдагы экзистенциалдык маселелер ж.б.*

***Аннотация:*** *В статье в концептуальном плане анализируется место философской антропологии в высшем профессиональном образоваснии по направлению "Социальная работа". В ней рассматривается проблемы человеческой субъективности, уникальности человека, сущности человеческой жизни её многополярности и т.д.*

***Ключевые слова:*** *философская антропология, природа человека, сущность человека, человеческая субъективность, уникальность человека, человеческая проблема «Я», экзистенциальные проблемы человека и др.*

***Abstract:*** *The article analyzes the place of philosophical anthropology in higher professional education in the areas of "Social work" on the scientific and conceptual plan. It deals with the problems of human subjectivity, the uniqueness of man, the essence of human life and multipolarity, etc.*

***Key words:*** *philosophical anthropology, human nature, human essence, human subjectivity, uniqueness of man, human problem of "I", existential problems of man, etc.*

Социалдык эволюциянын мыйзамдуу көрүнүшү катары таанылган жалпы адамзаттык бүткүл социомаданий алкакта социалдык маселелер түбөлүк актуалдуу маселе экендиги талашсыз. Ал эми ал маселелер коомчулук тарабынан коомдук аң-сезимдин кеңдиги менен тереңдигине – динамикасына жараша мезгил талабына ылайык шарттуу түрдө чечилип келет.

Цивилизациялуу өлкөлөрдүн стратегиялык өнүгүү максаты алкагында «Социалдык иштер» социалдык өнүгүүнүн, же «социалдык мамлекетти» түптөөнүн негизги курсу экендиги айдан ачык. Социалдык институт катары мамлекет социалдык жардамга муктаж болгон, экстремалдуу абалдагы атуулдарга, топторго жана коомчулукка гарантияланган жардамдардын көп түрүн системалуу камсыз кылууга багыт алып олтурат. Ал эми, ошол социалдык жардамга муктаж болгон адамдарга социалдык жардам көрсөтүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу, ал үчүн заманбап социалдык тейлөөнү ишке ашыруучу социалдык иштерди өркүндөтүү – өзүнчө көйгөй маселе.

Социалдык иштер – интегративдик мүнөзгө ээ болгон социум жөнүндөгү бардык билимдердин мультидисциплинардык бирикмесинин зарылдыгынан келип чыгуучу универсалдуу кесип болуп саналат. Ал эми мына ошондой универсалдуулук континумунда Адам маңызына карата концептуалдуу иликтөөлөр талап кылынат. Анткени, социалдык иштердин кесиптик ишмердүүлүк обьектиси болуп саналган – Адам: жеке адам, социалдык тайпалар, социалдык таптар жана катмарлар, этникалык тайпалар, гендердик жана курактык тайпалар, инсан, аламан тайпалар жана массалык кыймылдар, чектен чыгуучулук, социалдык

оорулар, жан кечтилик, сойкулук, айрыкча психикалык мүмкүнчүлүгү чектелгендик – алардын социалдык проблематикасы – социалдык философиялык рефлексиянын болушун обьективдүү талап кылат [1].

Жогоруда белгиленген контекстке ылайык, социалдык иштер процессиндеги адамдык субьективдүүлүктү изилдөө эң бир маанилүү. Анда субьективдүүлүк феноменин философиялык-антропологиялык алкакта талдап чыгуу, адамдын ички интеллектик (акыл-эстик), эрктик жана сезимдик (эмоциялык) дүйнөсүн, анын абалы менен тереңдигин талдоого алуу зарылдыкты туудурат. Адам индивидуалдуулугун, анын кайталангыстыгын, андагы өз алдынча көз караштын, сезимдердин, кыялдануулардын, толгонуулардын, азап чегүүлөрдүн уникалдуулугун, адамдык рухий дүйнө, же, инсан дүйнөсүн изилдөө – актуалдуу маселе.

Социалдык иштер – коомдогу жана жеке адамдардын жашоосундагы ар кандай ыңгайсыздыктарды жаратуучу маселелерди философиялык-антропологиялык методологиянын алкагында: социологиялык, психологиялык жана педагогикалык ракурстарда гуманисттик принциптердин негизинде чечүүчү кесиптик тармак болуп саналат. Мында, үй-жайсыздык, жакырчылык, жумушсуздук, чектен чыккан жүрүм-турум, өспүрүмдөр менен иштөө, качкындарга, майыптарга жана карыларга жардам берүү, энеликти жана балалыкты коргоо, аларга социалдык колдоо көрсөтүү маселелери – социалдык иштердин проблематикалык негизин түзөт [2].

Адам жөнүндөгү концепциялардын көп түрдүүлүгү баш аламан ой жүгүртүүлөрдөн – алкактык (ракурстук), типтик, концептуалдуу, системалуу ой жүгүртүүлөрдүн болушун талап кылып олтурат. Рухий иерархияда белгилүү болгондой, адамга карата түрдүү концепциялар, көз караштар жаралып, илимий билимдин өнүгүүсүндө ордун тапса, кээ бирөөлөрү четке кагылып, дүйнөтаанымдын курамынан сүрүлүп чыгарылган.

Адамдык бытиенин антропогенездик жагдайларын философиялык билимдер камтып турат. Философиялык билимдердин ар бир тармактык багыттары өз алдынча предметтүүлүккө, тармактагы системалык категорияларга, тигил, же бул алкактагы рефлексиялык даражаларга ээ. Мына ошолордун катарында философиялык антропологиянын да өз алдынча предмети, спецификалык категориялары, тигил же, бул алкактагы рефлексиялык даражалары бар. П.С. Гуревич белгилегендей: «Философская антропология – это раздел философии, в котором изучается человек как особый род сущего, осмысливаются проблемы человеческой природы и человеческого бытия, анализируются модусы человеческого существования, выявляется потенциал антропоцентрической картины мира» [4].

Жогоруда айтылгандай, философиялык антропология өз тармагына адам бытиесинин бардык жагдайларын камтып турат. Анда: адам табияты менен маңызы, адам субьективдүүлүгү, адам уникалдуулугу, адамдагы «МЕН» маселелери, интуиция, ишеним, сүйүү маселелери, экзистенциалдык маселелер: азап чегүү, сагынуу, кусалануу, өксүү, баштан кечирүү, тобокел салуу, улгаюу менен карылык, жалгыздык, өлүм менен өлбөстүк жана аларга карама-каршы келген кубануу, сүйүнүү, эргүү, кумарлануу, бакыт, тагдыр ж.б.у.с. тематикалар чагылдырылат.

Адамдык фактор катары адам обьективдүүлүгү менен субьективдүүлүгүн, универсалдуулугу менен уникалдуулугун, социалдык жана рухий маңызын терең талдоого мүмкүндүк бере алуучу, философиялык талаада – философиялык антропология түбөлүк актуалдуу. Философиялык антропология – адамдын көп түрдүү жашоодогу баалуулук системасын аңдоого негизделип, азап чегүү менен кумар, кайгы менен күлкү, бактысыздык менен бактылуулук, өлүм менен өмүр, жалгыздык менен жамааттык, альтруизм менен эгоизм ж.б.у.с. жашоо кырдаалдарды баштан кечирүүчү түшүнүктөрдү камтып турат.

Философиялык антропология – адам субьектисиндеги таанып билүүчү жана социалдык феномен гана болбостон, ал азап чегүүчү, сагынуучу, кусалануучу, өксүүчү, баштан кечирүүчү, тобокел салуучу жана аларга карама-каршы келген кубануучу, сүйүнүүчү, эргүүчү, кумарлануучу сыяктуу эмоциялык чыныгы субьект, же пассивдүү обьект абалындагы социалдык кыймылдын маргиналдуу кубулушун айкындап көрсөтөт. Ал

инсандын ички убакыт жана мейкиндик дүйнөсүнүн реалдуу барлыкка карата аракет этүүсүн аныктоочу индивидуалдык бытиени чагылдырууга жөндөмдүү.

Адам баалуулуктарын, анын укуктарын, бакытка жана эркиндикке умтулуусун таануу, ошондой эле адамдын социалдык-рухий жашоодогу абалын, чыгармачыл-ишкер жөндөмдүүлүктөрүн, талантын жогору баалоо менен, аларды ишке ашыруучу социожаратылыштык жана социомаданий мүмкүндүктөрдү түзүү сыяктуу идеялардын биримдигин камтып келген гуманистик идеялар – философиялык антропологиянын актуалдуу маселелеринен.

Адам – уникалдуу биосоциалдык жана рухий кубулуш. Адам уникалдуулугу түшүнүгүнүн этимологиясы Ефремованын, Ожеговдун билдирүүсү боюнча генезистик планда «уникалдуулук» деген сөз «уникум» деген сөз менен тектеш келип, «жалгыз гана», «сейрек», «өз алдынча», «бөтөнчө» жана «кайталангыс» деген маанилердин биримдигин түшүндүрөт. Бирок этимологиялык эволюцияда эки термин толук түрдө бирин-бири алмаштыра албайт.

Этимологиялык тектеш экендигине карабастан, азыркы лексикондо «уникум» – «жалгыз гана», «бирден бир» «сейрек» деген маанилердин биримдигин түшүндүрөт. Ал эми «уникалдуулук» – «сейрек», «өз алдынча», «оригиналдуу» «бөтөнчө» жана «кайталангыс» деген маанилердин биримдигин түшүндүрөт. Мына ошол лексикосемантикалык контекстте «Адам уникалдуулугу» түшүнүгү адам табиятына, социумдук сапаттарына жана рухий касиеттерине карай таандыкталат. Көптөгөн ойчулдар, философтор, окумуштуулар, жазуучулар, жалпы эле чыгармачыл интеллигенция адамдын уникалдуу табиятын чындык – аксиома катары таанышат. Ал түгүл көпчүлүгү адамдагы адаттан сырт: *денелик, акыл эстик, дилдик, жалпы эле рухтук* кубулуштардын социалдуулукка карай ыкталгандыгын, алардын гармониясынын кайталангыстыгын белгилешет. «Человек есть принципиальная новизна в природе… Весь тварный мир отмечен печатью самобытности. Однако и здесь человек выходит из общего ряда как «самый равный среди равных, и самый уникальный среди уникальных …» дейт, Н.А. Бердяев [2]. Адам уникалдуулугу адам субьективдүүлүгү түшүнүгүнүн компоненти катары аныкталат.

Субьективдүүлүк – адамдын ички интеллектик (акыл-эстик), эрктик жана сезимдик (эмоциялык) дүйнөсүнүн байлыгы. Анын абалы жана тереңдиги. Мындай түшүнүк адамдын индивидуалдуулугун, анын кайталангыстыгын, андагы өз алдынча көз караштын, сезимдердин, кыялдануулардын, толгонуулардын, азап чегүүлөрдүн уникалдуулугун өзүнө камтып турат. Соңку адабияттарда мына ошол адамдын индивидуалдуулугун, анын кайталангыстыгын, андагы өз алдынча көз караштын, сезимдердин, кыялдануулардын, толгонуулардын, азап чегүүлөрдүн уникалдуулугун адамдык рухий дүйнө, же инсан дүйнөсү деп аталат. Субьективдүүлүк – субьектинин атрибуттук сапатын аныктап турат. Ал эми субьект түшүнүгү – өз алдынча чыгармачылыктуу акыл-эстик, эрктик жана сезимдик ой жүгүртүүгө, кыялданууга, толгонууга ж.б.у.с. мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон активдүү процесс. Ошондуктан адам өз алдынча чыгармачылыктуу акыл-эстик, эрктик жана сезимдик ой жүгүртүү, кыялдануу, толгонуу ж.б.у.с. мүмкүнчүлүктөргө ээ болуу менен адам өз тагдыры, өз бактысы үчүн күрөш жүргүзүп келет [3].

Байыркы доорлордон тартып азыркы дүйнөгө чейин философтор субьективдүүлүк түшүнүгүн ар түрдүүчө түшүнүп келишкен. Адам субьективдүүлүгү социалдык эволюциянын натыйжасында гумандуулук түшүнүгү менен эриш-аркак ширелишип гумандуулук адамдык индивидуалдык феноменге сиңип олтурган. Адам субьективдүүлүгүнөн келип чыккан гуманисттик идеялардын уникалдуулугу социалдык эволюциянын алкагында түрдүүчө маңызда кулпуруп келген. Мына ошол өз алдынча чыгармачылыктуу акыл-эстик, эрктик жана сезимдик ой жүгүртүү, кыялдануу, толгонуу ж.б.у.с. мүмкүнчүлүктөргө ээ болуу менен адамдар өз тагдыры, өз бактысы үчүн умтулуп келишкен [4].

Жыйынтык катары төмөнкү ой-пикирди айтууга болот. Философиялык антропологиянын социалдык иштердеги архимаанилүү ордун таануу менен аны атайын

дисциплина катары окутуу зарылдыгы келип чыгат. Философиялык антропологияны өздөштүрүүдө болочок кесип ээси катары студент-магистранттар төмөнкү натыйжаларга жетиши күтүлөт:

- социумга багытталган бүткүл маселелерди философиялык-антропологиялык жөнгө салуунун методологиялык негиздерин;
- социалдык иштерди эффективдүү уюштуруунун жана адекваттуу башкаруунун моралдык-психологиялык негиздерин;
- социалдык-философиялык антропологиялык концепциялардын гуманисттик негиздерин;
- социалдык маданият концепцияларын жана социамаданий парадигмаларды;
- адамды социалдык колдоонун жана гармониялуу өнүктүрүүнүн синергетикалык – гуманисттик стратегиясын долбоорлоону өздөштүрүү сыяктуу компетенцияларга ээ болуусу.

Философиялык антропология [5] – 540 200 – “Социалдык иштер” багытындагы кесиптик-жогорку билим берүүчү, ал багыттагы окутулуучу дисциплиналар алкагында студенттердин кесиптик багыт алуусуна методологиялык, теориялык жана практикалык жагдайларды жалпылап социалдык илимдер ракурсунда түшүнүк берүүчү сабак болуп саналат. Сабакта социалдык иштердин социалдык баалуулугу, мүнөзү, максаты жана милдеттери, ишмердүүлүк чөйрөсү, анын илимдер аралык алкагы, фундаменталдык жана колдонмо базиси – эң негизгиси кесиптин социомаданий орду жана ролу тууралуу концепториентир берилет [6].

**Адабияттар:**


1. Акматов Ө.С. (2001). Молдо Нияздын гуманисттик философиясы Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык иш, Ош.
2. Бердяев Н. А. (1991). О назначении человека //Мир философии: Книга для чтения. – М.
3. Sagar, A.D., Najam, A. (1998). The human development index: a critical review. 9th Annual Conference of the Academic Council of the United Nations System (ACUNS) held in Turin, Italy in June 1996.1, Ecological Economics, Volume 25, Issue 3, Pages 249-264, https://doi.org/10.1016/S0921-8009(97)00168-7.
4. Гуревич П.С. Философская антропология: -М.: Вестник, 1997.- 448 с.
5. An, R.A. (1945). Introduction to Philosophy. *Nature* 155, 95 http://doi:10.1038/155095b0
6. Beydili, E., Yildirim, B. (2013). Human Rights as a Dimension of Social Work Education, Procedia - Social and Behavioral Sciences, Volume 106, Pages 1393-1398, https://doi.org/10.1016/j.sbspro.2013.12.155.